**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ АЙЫЛДЫК**
**АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ**
**АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ**

---

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2023-жылдын 18-январы №5** **Кара-Суу айылы**

**2023-жылга көрктөндүрүү , жашылдандыруу, тазалыкты жана тартипти сактоо боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 6-сентябрындагы №305 Жарлыгын аткаруу максатында 2023-жылы көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты жана тартипти сактоо боюнча эрежелер тууралу Жобо жана иш-чаралар планы жөнүндө айыл өкмөтүнүн башчысынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Эл депутаттарынын Кара-Суу айылдык аймактык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги 25-сессиясы **токтом кылат:**

1.Кара-Суу айыл аймагында көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты жана тартипти сактоо боюнча эрежелер тууралу Жобо жана 2023-жылга белгиленген иш-чаралар планы бекитилсин.

2.Иш-чараларды уюштурууга, 130 даана кайың жана 50 даана кызыл карагайдын көчөттөрүн сатып алууга жергиликтүү бюджеттен 54 000 сом акча каражаты каралсын.

3.Көчөттөрдү алуу боюнча Талас токой чарбасы менен келишим түзүлсүн.

4.Токтомдун аткарылышы айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрага** **Р.Биримкулов**